Ажарың аппак таңдай,
Ай, жылдыз ашыккандай.
Алсам дейм сени жандай, ай чырай,
Күлгөнүң жанган чырак.
Көңүлүң жаным бурат,
Көлкүлдөп толуп турат, тун булак.
Кайырма:
Көздөрүң сенин карагат,
Көкүрөк эзип жаралап.
Көркөмүң сонун өзүңдөй,
Сулуулар кайдан жаралат?
Жел сылап чачтарың,
Керилип наздуу басканың.
Кайырмак болуп илинет,
Капкара сулуу каштарың.
Тазасың таңдай, таттуусуң балдай,
Тамшанып карайм, жүзүң, ай.
Жүрөмүн жандай, жүрөктү арнай,
Күлкүңө канбай, жаным, ай.
Басабыз көчө бойлой,
Башкага көңүл койбой.
Бактым деп сени болжой,
Көзүм тойбой.
Сүйлөшүп, сага ыктап,
Сүйүүнүн балын ууртап.
Сүрөтүң карап уктап, ар убак.
Кайырма: